*Карагулов Д.К., Сейтказиева Н.С.*

# ЖАҢЫ СТАНДАРТКА КАРАТА ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИН ДОЛБООРЛОП ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧҮЛҮКТӨРҮ

*Карагулов Д.К., Сейтказиева Н.С.*

# ОСОБЕННОСТИ ПРОЕКТИРОВАНИЯ ИЗУЧЕНИЯ ПРЕДМЕТА ИНФОРМАТИКИ ПО НОВОМУ СТАНДАРТУ

*D.K. Karagulov, N.S. Seytkazieva*

# FEATURES OF DESIGNING THE STUDY OF THE SUBJECT OF INFORMATICS ACCORDING TO THE NEW STANDARD

*УДК: 37:372.800.4*

*Бул макалада информатика предметин жаңы стандартка карата окутуунун өзгөчөлүктөрү сунушталган. Алгач базалык билим берүүнүн мазмуну жана кесипке багыттап (профилдик) билим берүүнүн багыттары белгиленген. Информатика предметинин мазмунун 5-9-класстарга карата базалык билим берүү. Атайын (кесиптик) багытта билим берүү жөнүндө окутуунун өзгөчөлүктөрү.*

***Негизги сөздөр:*** *информатика предмети, билим берүүнүн стандарты, компетенттүүлүк, коммуникациялык технологиялардын негизинде билим берүү, билим берүүнүн деңгээлдеринин мазмуну, атайын багыттагы билим деңгээлинин мазмуну, коммутативдик байланыш түшүнүктөрү.*

*В статье прилагаются особенности проектирования изучения предмета Информатики по новому стандарту. Выделено содержание первоначального базового образования и профильные образовательные направления. Содержание базового образования предмета Информатики для 5-9-классов. Особенности изучения об образовании профильного направления.*

***Ключевые слова:*** *предмет информатика, стандарты образования, компетентность, образование на основе коммуникационных технологий, содержание уровня образования, содержание образовательного уровня профильного направления, объяснение коммутативной связи.*

*The article is attached to the features of designing the study of the subject of computer science in accordance with the new standard.The contents of the initial basic education and profile educational directions are singled out.The content of basic education subject Informatics for classes 5-9.Especially the study of the formation of the profile direction.*

***Key words:*** *informatics subject, Standards of education, competence, Education based on communication technologies, the content of education levels, the content of the educational level of the profile direction, explanation commutative connection.*

Информатика жана информациялык технологиялар курстары боюнча акыркы жылдарда бүгүнкү күндөгү окуу программаларындагы окутуу процессинде жаңыча ойлонуу, учурку күндүн компьютердик жаңы технологиялардын өсүп-өнүгүүсүн жана анын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануудабыз.

Билим берүүдө КМШ өлкөлөрүндө 2003-жылдан баштап жаңыча окуу процесси жүргүзүлүп келүүдө. Ал эми биздин Республикабыздын билим берүү системасында жаңы мектеп программасын түзүү жана анын календардык окуу програмасын өзгөртүү 2017-2018-жылдарында киргизилип жатат. Алар үчүн төмөндөгүдөй нормативдик документтердин негизинде иштелип чыгарылган:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы» -Бишкек, 2003-ж. жана 2013-ж.;
- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдары үчүн «Базистик окуу планы», 2016-ж.;
- КР жалпы Билим берүүчү мектептеринде информатиканы окутуунун концециясы (2015-жылдын май айында жаңыланган) [3].

Жогорудагы иштелип чыгарылган документтердин негизинде Республикабызда информациялдуу коом, жогорку деңгээлдеги билим берүү жана анын натыйжаларын алып жүрүү талап кылынууда. Алар илимдердин жана жаңы техникалардын өнүгүүсүн жана компьютердик жаңы технологиялардын коомдогу таасири күчтүү болуп жаткандыгында.

Биринчиден, өндүрүштө жана социалдык багытта жаңы технологиянын түздөн-түз таасири астында турмуштук маселелердин (эсептөө, талдоо, анализдөө, кантролдоо, болжолдуу түрдө оптималдуу варианттарын сунуштоо) тез өнүгүп келүүдө.

Экинчиден, дүйнөлүк деңгээлдеги интернеттин жана коммутативдик байланыштын негизинде глобалдуу (ааламдык байланыштар иштелип, анын натыйжасында көптөгөн дүйнөлүк маалыматтарды чогултуу, пайдалануу багыттары көбөйүүдө) өсүүнүн негизинде коомдогу маалыматтык технологиялардын глобалдык масштабда адамдардын сациалдык жөндөмдүүлүгүн кеңири изилдөөгө жана натыйжаларын колдонууга мүмкүнчүлүк берүүдө.

Мындай изилдөөлөрдүн негизин багыттаган Н.Д. Угриновичтин «Дүйнөлүк деңгээлдеги маалыматтык технологияларды изилдөө, илимдердин өсүп өнүгүүсүн комплекстүү кароо жана жаңы маалыматтык миңдеген процесстер, аппараттык жана программалык каражаттардын маалыматтуулугу, маалыматуулук жана коммутативдик технологиялар» боюнча жазылган илимий иштерин жана лабараториялык жумуштарын айтсак болот. Мындай изилдөөлөрдүн негизинде белгилүү окумуштуупедагог

А.А.Кузнецов[4] бүгүнкү көндүм талаптарына карата төмөндөгүдөй изилдөөдөлөрдү сунуш кылган:

1. Мектеп окуу программасында компьютердик сабаттуулукка жетишүү, ошону менен бирге компьютерде башкаруу жана алгоритимдештирүү багытында атайын маселелерди чыгарууга жетишүү, маалыматтык моделдештирүүгө ой жүгүртүп иш аткаруу деп белгиленет.

2. Окуучулардын маалыматтык маданияттуулукка үйрөнүү жана информатика предметинин негизинде фундаменталдык жогорку билим алууга жетишүүгө тийиш дейт.

Бул жогорку багыттагы сунуштардын негизинде информатиканын жана маалыматтык технология предметин үйрөнүү боюнча үзгүлтүксүз системалык түрдө билим берүүгө жетишүү жана билим берүү системасын жаңы багытка өзгөртүүгө туура келүүдө.

Жалпысынан информатика предметин окутуунун билим берүүдөгү жалпы стардартындагы негизги терминдерди жана түшүнүктөрдү такталгалган мааниде калыптандыруу. Билим берүүдөгү билим сапатын жогорулатуу анын практикалык, теориялалык маанилерин чечүүдө ишмердүүлүктүн жогорку деңгээлин пайдалануу булар: кабыл алуу, таанып билүү, элестетүү, талдай билүү жана өз алдынча практикалык иш аткаруу болуп саналууда. Учурдагы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жалпы билим берүүнүн программаларынын милдеттүү мазмунунун минимуму жана окуучуларга бере турган окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн даярдоо. Анда материалдык - техникалык, маалaматтык жана лабораториялык, маалыматтык жана методикалык кадрлардыдаярдоо, аларды камсыз кылуу.

Ошону менен бирге жаңы технологиядагы интернеттик байланыштарды жана предметтик (кесиптик) байланыштагы мазмунда окуп үйрөнүүнүн технологиясында окутуу. Анын негизин учурда информациялык коммутативдик технологиялар деп дагы атап келе жатабыз. Мында акыркы жылдардагы коммутативдик технологияларды пайдалануу, атайын прогрраммалык каражаттардын негизинде турмуштук маселелерди чечүүдө түздөн түз колдонуу менен социалдык проблемаларды чечүү жогорку компетенттүүлүктө окуп үйрөнүү, маалыматтуулукка жетишүүболуп эсептелет. Учурда азыркы жаштарга билим берүү системасын даярдоодо жаңы технологиялардын негизинде жүргүзүү жана коммутативдик байланыштын негизинде билим берүү максаты коюлган.

Натыйжада, билим берүү системасында ар кандай деңгээлдеги билим алуунун деңгээлине карата жеткиликтүү (компетенттүү) билим берүү каралган. Биздин Республикада 2017-жылдан баштап жаңы стандартка жана жаңы билим берүү деңлээлинде даярдоо колго алынып башталды. Анда информатика курсун мектеп программасында 5 - 9-класска чейин 1 сааттан пландалынып жылына 34 саат каралган [1]. Предметтин бул мазмунун информатика предмети боюнча «Базалык билим берүү» деңгээли деп атап келе жатабыз. Бул окуу программасында информатика предмети боюнча 1996-жылы кабыл алынган негизги структуралык мазмунун толук мазмуну каралган. Экинчиден, окуу программанын мазмунун тиешелүү талапкка карата компетенттүү (жалпы жана предметтик) деңгээлин талап кылабыз, же маалыматтык ресурстарды толук билүү, адамдардын (студенттердин, окутуучулардын) ишкердүүлүгүн толук пайдалануу менен компетенттүүлүкдеңгээлге жетишүүнү эсептейбиз. Негизинен компетенттүүлүктү 3 деңгээлде бөлүп жүрөбүз:

1. Маалыматтык компетенттүүлүк;
2. Социалдык коммутативдик компетенттүүлүк;
3. Өзүн-өзү уюштуруу жана коюлган маселелерди өз алдынча чечүү компетенттүүлүгү.

Компетенттүүлүктүн проблемаларын (аспектүүлүгүн) дагы 3 деңгээлге бөлүп жүрөбүз, булар:

1. Репродуктивдүүлүк - окуучулардын үлгү же эреже боюнча аткара билүүсү;
2. Продуктивдүүлүк - окуучулардын жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, башкача айтканда ишмердүүлүктүн натыйжасында шартка жараша жөндөмдүүгүн өстүрүү;
3. Креативдүү – окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүнүн натыйжасында жаңы изилдөөлөрдү аткаруу тартиптери же өз алдынча ишмердүүлүктөрү белгиленет.

Булардын ар бирине информатика предмети боюнча ар түрдүү мисалдарды келтирип кетсек болот. Айрыкча, компетенттүүлүктү аныктоодо предметтик компетенттүүлүктүн негизги багыттарына көңүл бөлөбүз [2]. Алар компетенциянын деңгээли билимдүүлүк, көмдүмдүүлүк жана өз алдынча жөндөмдүүлүк менен жоопкерчилик деңгээлдерине карата аныктайбыз. Жогорудагы сунушталган окуу программасында төмөндөгүдөй багытта мазмундук иштер жүргүзүлүүгө тийишбиз. Алар:

- Информациялар жана информациялык процесстер;
- Компьютер жана анын негизги курамы, милдеттери;
- Алгоритм, алгоритм тили жана программалоо багыттары;
- Информациялык коммуникациялык технологияларды жүргүзүү.

Ал эми, 10-11-класстар жана атайын колледждер үчүн профилдик (кесиптик) билим берүү багытында жүргүзүлөт, башкача айтканда келечектеги кесиптик билим алууга карата багытталган маани мазмундагы окуу программасы сунуш кылынат [5].

Негизинен табигый илимдер багытында (математика, физика, информатика, биология, химия ж.б.) адистиктерге карата информатика боюнча атайын билим берүүнүн мазмуну тандалууга тийиш.

Белгиленген мазмундук бөлүмдөр үчүн методикалык жактан ар бирине план-конспектини жазуу пландаштырылган. Мурунку структура боюнча жазылган методикалык план-конспектилерден сөзсүз мазмуну жагынан өзгөчөлүнүп жазууга туура келет. Айрым бөлүктөр үчүн (мисалы: компетенттүүлүк жана информациялык-коммуникациялык технологиялар) түшүнүктөрү жана технологиялар жөнүндө класстарга бөлүү өтө эле кайталанып калган. Демек, бул проблеманын окуу процессин жүргүзүүдө эске алууга тийишпиз. Натыйжада, практикалык тажрыйбада акырындык менен калыптанат деп ишенебиз.

Жыйынтыгында, жогорудагы айтылган ойлордун долбоорлору чекесинен келечекте иштеле бермекчи жана такталууга тийиш деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. «Государственный образовательный стандарт среднего общего образования». Постановление Правительства Кыргызской Республики, г. Бишкек, от 21 июля 2014 года №403;
2. Болотов В.А., Сериков В.В. Компетентностная модель: от идеи к образовательной программе:– М. Педагогика, 2003. №10. – С.8-14.32;
3. Закон «Об Образовании КР» от 30 апреля 2013 г., Бишкек;
4. Кузнецов А.А., Кареев С.С. Основные направления совершенствования методической подготовки учителей информатики в педагогических ВУЗах//ИНФО.-1997.-№6.
5. Карагулов Д.К., Интерактивдүү методдорду колдонуунун педагогикалык технологиялары (Информатика жана жаңы маалыматтык технологиялар предметеринин негизинде), 2014-ж., 200-б., Бишкек ш.


**Рецензент: к.ф.-м.н., доцент Бексултанов Ж.Т.**